**Н. Рахманов орто мектебинин гуманитардык багытындагы усулдук бирикменин 2022-2023- окуу жылындагы биринчи жарым жыл ичи аткарылган иштери тууралуу отчет-анализи.**

2022-2023 окуу жылыны башталышы менен УБ нин иштери: Усулдук бирикменин мүчөлөрүн тактоо жана жыл ичинде өткөрүлө турган иштерге программа түзүү менен башталат.

Усулдук бирикменин мүчөлөрү 6 кишиден турат.

Алар:

1. Карыпбаева Г. Б. англис тили муг. УБнин жетекчиси
2. Джаманкулова С. А. кыргыз тили жана кыргыз адаб.мугалими
3. Мамырканова Г. К. орус тили мугалими
4. Өскөнова З. О. орус тили мугалими
5. Шүкүрбаева А. Н.тарых мугалими
6. Эшимбекова А. К. кыргыз тили жана кыргыз адаб.мугалими

Бардык мугалимдер жогорку билимдүү жана тажрыйбалуу.

Гуманитардык усулдук бирикменин иш планы жаны окуу жылынын иш планын талкулоо жана бекитүү
УБ нин жетекчиси менен мектеп администрация тарабынан макулдашылып бекитилди.

Сентябрь айында аткарылган иштер окуучулардын китеп менен камсыз болушу жана иш дептерлерин толуктоо, көзөмөлдөө менен жумалык жыйынтыкталды.
Ошондой эле окуучулардын техникалык коопсуздук эрежелерин тааныштыруу менен, сентябрь айынын пландалган иштери толукталды жана иштелген иштерге анализ жүргүзүлдү.

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн жумалык жүктөмүн тактоо иши мектептин окуу иштери боюнча директордун орун басары менен макулдашылып, жүгүртмө даярданылып мугалимдерге тааныштырылды.

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн педагогикалык функционалдык милдеттерин талкулоо иши атайы УБ кунундо милдеттер жана аткарыла турган иштердин планы чыгарылып аныкталды.

Сентябрь, октябрь айлары кыргыз тили айлыгы болгондуктан мектеп ичинде 5-11- класстардын окуучуларынын катышуусунда салтанаттуу иш чаралар, ачык сабактар, конкурстар өтүлдү.

**23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил майрамынын 33 жылдыгына карата мектеп ичинде салтанатттуу кече уюштурулду.**

5-11-класстар арасында “Мамлекеттин келечеги мамлекеттин тилинде” деген темада дубал газеталар илинди.
Ошондой эле класстар арасында манас эпосунан үзүндү, көркөм окуу, макал- лакаптар, учкул сөздөр менен конкурс уюштурулуп жыйынтык чыгарылды.

Жооптуу мугалимдер: Эшимбекова А. Б.
Джаманкулова С.А .









Мугалимдер күнүнө карата 5-11-класстардын окуучулары “**Сезимге сергектиктин нурун чачкан мугалим түгөнбөгөн улуу дастан”** деген темада салтанаттуу кече уюштурулду Салтанаттуу кечеде окуучулар мугалим эжей-агайларга ыр саптары менен каалоо тилектер айтылып, көңүлдүү маанай тартууланды.





**УБнин планына ылайык төмөнкү текшерүүлөр**

Гуманитардык УБ биринчи чейрек ичинде 5-11 класстарынын сабактарын текшерүү жана предметтик дептерин текшерүү,сабактарга катышуу, календарлык пландарды текшеруу пландары коюлуп иштер жүргүзүлдү.

Текшерүү жыйынтыгында окуучулар активдүү, предметке кызыгуусу жакшы бирок айрым окуучуларга тапшырмасын аткарып келүүсү сунушталды.

**Өз ара сабактарга катышуу** боюнча ар бир предметтик мугалим метод алмашуу максатында өтүлгөн ачык сабактарга катышып тажрыйба алмашуу максатында өздөрүнө керектүү усулдук жардамдарды ала алышты. Сабактарга катышкан мугалимдер өз алдынча анализ берүүнү, сунуштарды айтууну жана өз ара кенеш берүүгө такшалышты. Ар бир мугалим сабктарга катышып анализ жазып талкуу жүргүзүштү.

**Октябрь, ноябрь айлары тарых сабагынын айлыгы болуп өттү.**

14-октябрда 6-класста **"Хун мамлекетинин түзүлүшү"** деген темада ачык сабак болду. Сабак абдан кызыктуу өтүлдү.

Ошондой эле 5-11- класстар арасында ар кандай дубал газеталар илинди.

27-октябрь 5- класста тарых сабагынан **"Генеология"** деген темада аралаш сабак өтүлдү. Сабакта балдар абдан активдүү жооп беришип, сабак абдан кызыктуу өтүлдү. Сабакта мугалим азыркы заманбап технологияларын колдонуп сабак абдан кызыктуу болду.

18-ноябрь 9а-класс **"Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшү"** деген темада ачык сабак өтүлдү, сабак абдан жагымдуу маанайда өтүлдү. Окуучулар сабакта абдан кызыктуу маалыматтарды ала алышты. Сабак жогорку деңгээлде өтүлдү десем жаңылышпайм.

Жооптуу мугалим: Шүкүрбаева А. Н.

**Предметти өзгөчө окуган окуучулар** менен иштөө

УБде предметтик мугалимдер өзгөчө окуучулар менен иштөөдө окуучуларга тесттик тапшырмаларды тереңдетилген программалар менен сабактар өтүлүп жатты.

Ар бир предметтик мугалимдер тарабынан кошумча сабактар өтүлүп жатты.

Кыргыз тили сабагынан Эшимбекова А. 9а-классынын окуучусу Тагаева Мира менен тесттик түрдө тапшырма берип иш алып барды. Мектепте предметти өзгөчө кызыгып окуган окуучулардын ата-энелери менен

аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп окуучулар кайсы сабака кызыгып жаткандары тууралуу билдирүүлөр берилди жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**Предметти начар өздөштүргүөн окуучулар менен иштөө**

Предметти начар өздөштүргөн сабактарга кош көнүл мамиле жасаган окуучулар менен да иш жүргүзүлүп ата-энелери менен түшүндүрүү иш жүргүзүлдү.

Ошондой эле сабакты көп калтырган окуучулар менен дагы иш жүргүзүлүп түшүндүрүү иштери аңгемелешүү жүргүзүлдү.


Предметтик дептерлер өз убагында текшерилип турду.

Дептерлерди текшерүү учурунда ар бир предмет мугалим окуучунун дептерлерин текшерүүгө алып келишкен.

Предметтик дептерлердин абалдары үй тапшырманын аткарылуусу боюнча текшерүү жүргүзүлдү.

Дептерлердин сырттары талапка жооп берет, сыртталган,  бирок айрым окуучулар тапшырмаларын аткарышпагандыктан, предметтик мугалимге окуучулардын дептерлерин текшерип, баа коюусу сунушталды.

Предметтик мугалимдердин отчеттук негизинде кыргыз тили,кыргыз адабият, орус тили,орус адабият, англис тили жана тарых предметтери боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.




| | 5 класс | 6 класс | 7 класс | 8 класс | 9 а класс | 9 б класс | 11-класс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кыргыз тили | 55 | 56 | 48 | 50 | 54 | 53 | 40 |
| кыргыз адабияты | 57 | 56 | 45 | 56 | 57 | 53 | 37 |
| орус тили | 54 | 57 | 51 | 48 | 58 | 51 | 40 |
| орус адабияы | 52 | 58 | 48 | 52 | 54 | 55 | 42 |
| англис тили | 54 | 57 | 42 | 42 | 56 | 54 | 35 |
| тарых | 56 | 55 | 40 | 44 | 54 | 51 | 40 |

Кыргыз тили кыргыз адабияты

5-класс-55% 57%
6-класс-56% 56%
7-класс-48% 45%

| | |
|---|---|
| 8-класс-50% | 56% |
| 9а-класс-54% | 57% |
| 9б-класс-52% | 53% |
| 11-класс-40% | 37% |

| Орус тил | орус адабият |
|---|---|
| 5-класс 54% | 52% |
| 6-класс-57% | 58% |
| 7-класс-51% | 48% |
| 8-класс-48% | 52% |
| 9а-класс-58% | 54% |
| 9б-класс-51% | 55% |
| 11-класс-40% | 42% |

| Англис тили | тарых |
|---|---|
| 5-класс-54% | 56% |
| 6-класс-57% | 55% |
| 7-класс-42% | 40% |
| 8-класс-42% | 44% |
| 9а-класс-56% | 54% |
| 9б-класс-54% | 51% |
| 11-класс-35% | 40% |

**Усулдук бирикменин өз алдынча билимин өркүндөтүү иш чарасы**

Гуманитардык усулдук бирикменин мүчөлөрү азыркы заманбап интернет булагынан пайдаланып, методикалык окуу куралдарын окуп, өз билимдерин өркүндөтүшүүдө. Ар бир предметтик мугалим өз алдынча алган тажрыйбасын башка мугалимдер менен бөлүшүп иштеп жатышат.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Карыпбаева Г.Б.